***Жантаев А.С***

# ОРТО КЫЛЫМДАР, КАЙРА ЖАРАЛУУ, АГАРТУУ МАДАНИЯТТАРЫНДАГЫ АКСИОЛОГИЯЛЫК ИДЕЯЛАР

*Аннотация*

*Макалада Орто кылымдар, Кайра жаралуу, Агартуу маданияттарындагы аксиологиялык идеялар, алардын улуттук баалуулуктарыбызды аныктоого көмөгү тууралуу сөз болот.*

*В статье речь идет об аксиологических идеях в культуре Средних веков, Возрождения, Просвещения, об их содействии в определении наших национальных ценностей.*

Орто кылымдар бир жагынан классикалык антик баалуулуктарын кайра баалоону, экинчи жагынан – ченемдик баалуулуктар катары Жараткан идеясында Акыйкаттык, Жакшылык жана Сулуулук баалуулуктарын жуурулуштурган диний аң-сезимдин баалуулуктарын орнотууну жүзөгө ашырды. Христиандык дин окуусу менен христиандык философия терең аксиологиялуу жана субъективдүү болмуш менен дүйнөтүзүмдүн объективдүү бийик баалуулугун, ар кандай жыргалдын булагы менен акылмандыкты байланыштырууга умтулуусу күч. Ушуга байланыштуу Уятка, Ишенимге, Сүйүүгө, Үмүткө – антик дүйнөтаанымына бейтааныш баалуулуктарга толгон адамдын ички дүйнөсүнүн баалуулугу өлчөөсүз өсөт. Августин Жараткандын сулуулугу жөнүндө ички, түбөлүктүү, жүрөк менен таанылуучу сулуулук катары кеп кылат: «Мен Жаратканды сүйүп жатканда кайсы бир жарыкты жана кайсы бир үндү, кайсы бир жыпар жытты жана кайсы бир азыкты жана кайсы бир кучакты сүйөмүн; бул менин ички адамымдын жарыгы, үнү, жыты, азыгы, кучагы – анда менин жаныма мейкиндикте чектелбеген жарык нур төгүлөт, анда мезгил үндөбөөгө мажбур кыла албаган добуш жаңырат, анда шамал айдап кетире албаган жыпар жыт аңкыйт...» [1, 152-б.]. Августин Жараткан идеясын адептик гана эмес, эстетикалык да өркөндүүлүккө каныктырат: «Жараткан, Менин асемим, ... чебер колдор жандан сулуу жөнүндө билишет, ал эми анын башаты жандан өөдө турган Сулуулук... усталар жана көркөм буюмдарды сүйүүчүлөр андан заттарды баалоо үчүн чен алышты...» [1, 171-б.]. Августин үчүн баалуулуктар дүйнөсү акыл менен эмес, адамдын эрки жана сүйүүсү менен таанылат. Жогорку дүйнөнү инсандык кабыл алуу, анын сезимдик-эрктик негизи биринчи жолу инсан менен анын ички дүйнөсүн реалдуулук үчүн ачык кайталангыс, уникалдуу субстанция катары баалоого жол берет. Орто кылымдык патристикада баалуулукта бир жагынан адептик, эстетикалык, интеллектуалдуу, экинчи жагынан трансценденттүү менен имманенттүү жуурулушат. Ошол эле учурда бийик, кудайлык жана кадимки, тиричиликтик баалуулуктарды каршы коюу болуп өтөт. Адамдын актуалдуу болмушу мында адамзаттын бүткүл европалык тарыхында эң төмөнкү бааны алат, бул Кайра жаралуу доорунун келиши менен принципиалдуу өзгөрүлөт. Индивидуализм багытындагы тенденциянын күчөөсү Дунс Скоттон жана Уильям Оккамдан байкалат, алар адамды эркин индивидуум катары, ал эми бийик баалуулуктарды Жараткан тарабынан эмин-эркин орнотмолор катары аныкташат. Релятивизм эң бийик чекке жетет, өзүмдүк «Мендин» автономиясы идеал катары бааланат.

Кайра жаралуу доорунда реалдуу жана идеалдуу болмуштун баалуулуктарын бириктирүү кайрадан жүрөт: тиричиликтик пантеизмдин контекстинде бийик баалуулукка каныктырылат, аны менен бирге пайдалуулук турумунан баалуу катары каралат. Лоренцо Валла «Акыйкат жана жалган жакшылык жөнүндө» диалогунда «Өзүндө чоң пайданы камтыган чоң жакшылыктар кичине жакшылыктардан артык көрүлөт» [11, 98-б.] деп көрсөтүп, европалык аксиологиянын өнүгүүсүндөгү прагматизм менен функционализмдин салттарын бекемдейт. Баалуулуктардын маңызы менен ролун аңдап түшүнүүгө чоң көңүлдү М.Монтень өзүнүн атактуу «Тажрыйбаларында» бөлөт: «Заттардын баалуулугу биздеги алар тууралуу пикирлерден көз каранды экени алардын ортосунда биз аларды баалоо үчүн гана эмес, аларды өзүбүз үчүн баалоо үчүн карачулар көп экенине да көрүнөт» [8, 36-б.]. Автор «биз эмгек кылып тапкан буюм биздин көзүбүздө биз ага канча эмгек жумшасак ошончо турат» [8, 36-б.] деп

баса белгилейт. Бул ырастоо материалдык баалуулуктарга карата адилеттүү болушу ыктымал, бирок виталдык, адептик, эстетикалык баалуулуктар дайыма эле эмгек менен өлчөнө бербейт.

Рационализмдин кылымы өзү менен бирге жаңы баалуулуктарды да апкелди, алардын башкылары акыл-эс, эрктин эркиндиги, практикалык пайда, илим, прогресс болуп калышты. Алардын бекемделиши жана негизделиши Ф.Бэкондун, Р.Декарттын, Б.Спинозанын, Г.В.Лейбництин, Т.Гоббстун чыгармачылыктары менен байланышкан, алар баалуулуктарды негиздөөнүн рационалисттик вариантын сунушташкан. Мындай мамиленин маңызы баалуулукту субъекттин акыл-эстик-эрктик факторлор менен шартталган активдүүлүгүнүн натыйжасы катары түшүндүрүүдө жатат. Р.Декарт «Усул жөнүндө ой толгоодо» «биздин эркибиз биздин акылыбыз ага аны жакшы же жаман көрсөткөнүнөн улам гана эмнедир бир нерсени ээрчүүгө же эмнедир бир нерседен качууга ынтаалуу» [3, 441-б.] деп жазып, ошентип, баалуулуктар акыл менен аныкталарын көрсөтөт. Б.Спиноза үчүн баалуулуктардын алып жүрүүчүсү конкреттүү бир акыл-эстүү субъект эмес, ал эми «адам табиятынын үлгүсүнүн» жүзөгө ашуусу, жалпы баарына бирдей идеяны берген кайсы бир жалпы баарына бирдей субъект. Ошентип, баалуулукту түшүнүү объективдешет да, «акылдын жетекчилиги менен» [9, 550-б.] жашашкан адамдар үчүн бирдиктүү бийик жыргалчылык идеясы менен тыгыз байланышкан болуп калат. Баалуулуктардын табиятын антропологиялык түшүнүүгө Г.В.Лейбництин бийик баалуулукка жана жакшылыкка таянычты Жараткандан издеген концепциясы каршы чыгат. Бирок анын окуусунан биз орто кылымдык теологиялык аксиологияга кайтууну гана эмес, жалпы европалык философиялык ойдон бөлүнүп турган эмнедир принципиалдуу жаңыны көрөбүз. Лейбницте бийик баалуулук катары дүйнөтүзүмдүн негизи, анын мааниси жана кудайлык теодицея болуп саналган гармония идеясы чыгат, «анын сулуулугу эч нерсе теңелгис» [4, 203-б.]. Философиянын салттуу чыгыштык моделине көбүрөөк мүнөздүү, ал эми батыш дүйнөсүндө пифагорчуларда гана чагылтылган карама-каршылыктардын тең салмактуулугу, тең өлчөмдүүлүгү идеясы европалык окумуштуунун эмгектеринде рационалисттик негиздемеге ээ болот. Ал дүйнөнү «жакшы ыраатка толгон тартиптешкен, б.а. ким аны түшүнсө ага улуу канааттануу апкелгендей кылып курулган бүтүн» [4, 235-236-бб.] деп түшүнөт. Мында түшүнүү жалаң гана рационалдуу мүнөз күтөт да, Жараткан менен адамдын, анын жатыркатылган сыңарынын «даанышман Акылынын» касиети болуп саналат. Лейбниц баалууну «жакшылык көз карашынан маанилүү» [5, 126-б.] катары аныктайт, анда жакшылык эмне өркүндөөгө көмөктөшсө, пайдалуу жана адептүү болсо ошол. Лейбниц ушул аныктама менен баалуулукту маанилүүлүк катары түшүнүү салтын түптөйт, ал аксиологиянын кыйла кийинки мезгилден азыркыга чейинки өнүгүүсү үчүн мүнөздүү.

Т.Гоббс «Левиафанда» баалуулукту адамдын экономикалык маңызга ээ керектөөсүнүн натыйжасы катары түшүнүүнү негиздейт: «Адамдын, бардык башка заттар өңдүү, наркы же баалуулугу анын баасы болот, б.а. ал анын күчүн колдонуу үчүн канча берүүгө мүмкүн болсо ошончону түзөт да, ошондуктан абсолюттук эмес, ага муктаждыктан жана башканын баалоосунан көз каранды зат болуп саналат» [2, 66-67-бб.]. Гоббс баалуулуктардын ар кыл шарттардагы салыштырмалуулугу жөнүндө, алардын коомдук мамилелерден көз карандылыгы, демек, объективдүүлүгү жөнүндө ой жүгүртөт: «Мейли адамдар (көпчүлүгү кылып келгендей) өздөрүн өздөрү канчалык бийик баалашпасын, алардын акыйкаттуу баасы аларды башкалар баалагандан бийик эмес» [2, 67-б.]. Гоббс коомдук мүнөзгө ээ баалуулуктар деп жакшылыкка, сулуулукка, билимдерге, көркөм өнөргө, жетүү мүмкүнчүлүгү катары күч-кубатты, кадыр-баркты жана сый-урматты атайт, ошентип, баалуулуктардын негизин тар экономикалык мааниден бүтүндүктүү – социалдык-саясий жана адептик мааниге чейин кеңейтет.

Баалуулукту түшүнүүгө таза экономикалык мамиле Ж.Локктун нарк теоиясынан байкалат. Мында баалуулук товарлардын эквиваленттүүлүгүнүн чени болуп чыгат да, пайдалуулук менен тыгыз байланышат. Баалуулуктун нарк катары негизи эмгек болуп саналат, ал «жерге анын наркынын чоң бөлүгүн берет» [6, 286-б.]. Баалуулукту тар экономикалык категория катары ушул түшүнүүнүн өнүгүүсү англис саясий экономиясы жана анын улантуучусу болгон марксизм үчүн мүнөздүү.

Агартуу доорундагы романтизм тескерисинче аксиологиялык түшүнүктөрдүн этикалык жана эстетикалык угулушун күчөткөн. Агартуу Акыйкаттык идеясынын жүзөгө ашуусу катары, эстетикалык тарбиялоо Сулуулук идеясынын жүзөгө ашуусу катары агартуучулар тарабынан жеке инсанды жакшыртуу жана жалпы коомду гармониялаштыруу үчүн чакырылган. Мисалы, А.Шефстбери үчүн жакшылыктын баалуулугу кооздук түшүнүгү менен ажырагыс байланышта жана адамдын бактысына кызмат өтөөгө тийиш: «Жакшылыктан башка чыныгы ыракаттануу жок», анан: «кооздук биздин улуу жакшылыкты түзөт» [10, 224-226-бб.]. Сулуулук жана жакшылык түшүнүктөрүн бириктирип, ойчул Платон менен Аристотелден келаткан салтка таянат да, «табит жаатында биз, албетте, симметрия жана тартип идеясын четке кага албайбыз. Биз пропорциялуу жана туура мамиле же абал акыйкатта да ар бир предмет үчүн бактылуу же табигый экенин моюнга албай коё албайбыз» [7, 295-б.] деп ырастайт. Шефстберинин пикиринде, жандүйнө берилүүлөрүнүн гармониялуу айкашуусу адептик сулуулуктун, руханий кооздуктун мазмунун түзөт да, тескерисинче, ушул ички гармониянын бузулушу моралдык мунжулукту жаратат. Анын окуусунда эң бийик адептик баага жеке адамдын бактысы менен коомдук жакшылыкты бир бүтүнгө бириктирген изгилик сапат арзыйт. Муну менен бирге Шефстбери дүйнөтүзүмдүн тышкы сулуулугуна адам жанынын ички сулуулугу ылайык келерин баса белгилейт. Сулуулуктун ушул түрүн «Адамдардын, адептердин, пикирлердин, мезгилдердин мүнөздөмөсүнүн» автору бийик ыракаттануу менен бакыттын булагы, башкы турмуштук баалуулук деп эсептейт.

Англис скептицизминин негиздөөчүсү Д.Юм аксиологиялык маселелерге маанилүү көңүл бурат. Юм «Адам акылы жөнүндө изилдөөдө» адептик тандоо, адептик баалоо маселелерин себептүүлүк жана эркиндик көйгөйлөрү турумунан талдайт. Ал адептик же бейадептик катары бааланууччу жорук-жосундардын эң маанилүү негизи эркиндик болуп саналары тууралуу тыянак жасайт: «эркиндик... да адептүүлүк үчүн маанилүү» жана «адамдын эрксиз жосундарына адептик баа коюлбайт» [12, 134-б.]. Теодицеянын пайдасына аргументтерди жетишсиз деп таап, Юм Жакшылык идеясынын Жараткан идеясы менен байланышынын жарамсыздыгын көрсөтөт. Тескерисинче болгон учурда, деп болжойт ал, себептүүлүк жана зарылдык мыйзамынан улам Жараткан күнөөнүн да, кылмыштуу аракеттин да шарты катары чыгарын таануу зарыл болмок: «Биринчиден, эгер адамдын аракеттери алардын булагына – Кудайга чейин иликтене алса, анда алар өз башталмасын алышкан Жандын чексиз өркөндүүлүгүнөн улам кылмыштуу боло алышпайт... Экинчиден, эгер алар кылмыштуу болсо, биз Кудайга таандык кылып жүргөн өркөндүүлүк атрибутун четке кагууга жана акыркысын анын бардык жаратылгаларынын күнөөлүүлүгүнүн жана адепсиздигинин айыпкери деп таанууга тийишпиз» [12, 135-136-бб.]. Юм субъективисттик мамилеге гносеологиялык негиздемелерди жана аргументтерди келтирип, баалуулуктар аймагын идеялар менен акыл-эс таасирленүүлөрүнүн субъективдүү болмуш дүйнөсүнө тийиштүү кылат. Ал «объектилер өздөрү ар кандай баалуулуктан жана ар кандай кадыр-барктан абсолюттуу айрылышкан. Алар өз баалуулугун аффекттен гана алышат» [13, 678-б.] деп негиздейт. Юм муну менен европалык философиянын баалуулук идеясын жалпы дүйнөтүзүм идеясы менен айкаштыруу аракетин четке кагат да, баалуулуктар субъектинин объектиге карата мамилесинен көрүнүүчү, бирок ага теңдеш эмес өзү өнүгүүсүнүн натыйжасы экенин ачып берет. Анан калса Юм маңызы «өзүнөн өзү баалуу» катары аныктала алчу жалпы таанылган баалуулуктар менен изгиликтер бардыгын да көрсөтөт. Адептүүлүк аймагында «социалдык изгиликтерге тийиштүү кылынуучу баалуулук туруктуу болуп чыгат да, башкысы жакшылыкты каалоо табигый сезими бизди адамзаттын жана коомдун кызыкчылыктарына сый көрсөтүүгө милдеттендирүүчү урматтоодон агып чыгат» [13, 272-б.]. Ошентип, Юм баалуулуктардын объективдүүлүгүн алардын объективдүү реалдуулук менен шартталгандыгы менен эмес, субъекттин акыл-эстик жөндөмдүүлүгүнүн бирдиктүү табияты жана түзүмү менен байланыштырат. Анын концепциясында эстетикалык баалуулуктар этикалык баалуулуктардан ажырагыс, анан да сулуулук максатка ылайыктуулук жана пайдалуулук менен тыгыз байланышта түшүнүлөт, бул жалпы эле Агартуу доору үчүн мүнөздүү болчу.

Жыйынтыктасак, европалык Орто кылымдардагы, Кайра жаралуу жана Агартуу доорлорунда баалуулуктук идеялар сапаттык өнүгүүнү баштан кечирген. Ал замандардагы аксиологиялык ой-пикирлер күнү бүгүн деле материалдык жана көркөм баалуулуктарды аныктоо ишине кызмат өтөшөт.

**Адабияттар:**


1. Августин Аврелий. Исповедь // Одиссей. Человек в истории. – Москва: 1989

2. Гоббс Т. Соч. в 2-х т. – Москва: 1991, Т.2.

3. Декарт Р. Избранные произведения. – Москва: 1950

4. Лейбниц Г.В. Соч. в 4-х т. – Москва: 1982, Т.1

5. Лейбниц Г.В. Соч. в 4-х т. – Москва: 1982, Т.3.

6. Локк Дж. Соч. в 3-х т. – Москва: 1988, Т.3

7. Мееровский Б.В. Английские моралисты 18 в. О «природе человека» // и вопросы культуры. – Москва: 1975

8. Монтень М. Опыты. Избранные главы. – Р.н-Д: 1998

9. Спиноза Б. Избранные произведения: в 2 т. – Москва: 1957, Т.1

10. Шефстбери А. Эстетические опыты. – Москва: 1975

11. Эстетика Ренессанса: в 2 т. – Москва: 1981

12. Юм Д. Исследования о человеческом разумении. – Москва: 1995

13. Юм Д. Соч.6 в 2 т. Т.2. – Москва: 1965


***Рецензент: ф.и.д., профессор Садыков А.***